**«БЕКИТЕМ»**
**«Кыргызстан эл аралык университети»**
**Коммерциялык эмес билим берүү**
**мекемесинин Окуу-илимдер**
**өндүрүштүк комплексинин ректору,**
**техника илимдеринин доктору,**
**профессор Е. Ю. Савченкого**

______________________________

«10» июнь 2024-ж.

# ПИКИР

жетектөөчү уюм «Кыргызстан эл аралык университети» Окуу-илимий өндүрүштүк комплексинин Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы тарабынан 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн Джумалиева Чолпон Асылбековнанын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы диссертациялык ишине карата берилди

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу - учурдун эң актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири. Заманбап дүйнөдө маалыматтык коопсуздук инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп саналат. Глобалдуу дүйнөдөгү реалдуу жашоо шарттары коркунучтардын өтө кеңири жана ар түрдүү диапазонунун калыптанышына өбөлгө түздү. Көптөгөн коркунучтар маалыматтык мүнөздө болот же маалымат каналдары аркылуу адамга таасир этет.

Маалыматтык коопсуздуктун актуалдуулугу коомдун ар кандай чөйрөсүнө таасир этүүчү маалыматтык системалардын тездик менен өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрү менен шартталган. Маалыматтык коопсуздук өлкөнүн бардык улуттук коопсуздук системасынын маанилүү элементи болуп саналат. Маалымат көптөн бери коомдук турмуштагы эң маанилүү ресурс

Дипломатическая академия МИД КР
имени К.Дикамбаева
Диссертационный совет Д 07.22.659
Входящий № 19/1
Подпись ____ «18» 06 2024

болуп калды. Демек, коомдун маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн тынымсыз өнүктүрүү маалыматтык коопсуздук маселесин улам актуалдуу кылууда. Маалыматтык согуш, маалыматтын бурмаланышы бүткүл адамзат коомуна чоң зыян келтириши мүмкүн. Маалымат коомдук турмуштун дээрлик бардык системаларында негизги элементке айланып баратканы байкалууда.

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу менен ажырагыс байланышкан. Өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат мамлекеттик органдардын жана субъекттердин бул чөйрөдөгү ишинин негизги багыттарын, өлкөнүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча алардын милдеттерин бириктирүүнүн тартибин аныктайт.

Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу төмөнкү маселелерди илимий изилдөө зарылчылыгында турат: Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердиги, маалыматтык коопсуздугун камсыздоо жаатындагы саясаттын абалы жана келечеги, маалыматтык коомунун өнүгүшүнө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири, республиканын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү жана ааламдашуу шартында Кыргызстандын маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдерин аныктоо.

1. **Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Бул диссертациялык иш изилдөөчүнүн демилгесинин негизде жүргүзүлгөн. Ошондуктан, аталган теманын актуалдуулугу түздөн-түз Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу менен байланыштуу, анткени мамлекеттин коопсуздугунун маанилүү маселесине арналган. Кыргызстандагы улуттук коопсуздук маселелерине арналган илимий эмгектерде маалымат коопсуздугу жана мамлекеттин маалымат саясатына арналган изилдөөлөр саналуу. Ошондуктан бул диссертациялык эмгекте аталган маселе алгачкылардын бири болуп козголгон. Изилдөөнүн темасынын мамлекеттик органдардын, мекемелердин өткөрүлгөн иш-чаралары жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы бар, ошондой эле Кыргызстандагы мамлекеттик органдарынын пресс-катчылыгы, маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгү жана медиа-коомчулугу менен байланышкан.

**2. Диссертациянын талаптарына ылайык илимий натыйжалар жана жаңылыгы.**

Ч.А. Джумалиеванын эмгегинде саясат таануу илиминин өнүгүшү үчүн чоң мааниге ээ болгон төмөнкүдөй илимий жактан негизделген жаңы теориялык натыйжалар берилди:

Автор маалыматтык коом, маалыматтык коопсуздук жана маалыматтык саясат түшүнүгүнө өзунүн аныктамаларын берген; автордун аныктамасына ылайык маалыматтык коом түшүнүгү постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары каралат жана мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелинет; автор тарабынан- маалыматтык коопсуздук бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, өлкө үчүн реалдуу жана мүмкүн болгон коркунучтарды жок кылуу шарттарын жана каражаттарын камтый тургандыгы аныкталган жана мамлекеттин маалымат саясаты бул өлкөнүн коопсуздугун камсыздоонун негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн оң имиджин түзүүгө багытталат; мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү автор аныктаган; жарандардын, коомдун жана мамлекеттин эгемендигин маалыматтык терс таасир берүүлөрдөн коргоонун негизи өлкөнүн укуктук-нормативдик актылары экендигине диссертант көңүл бурган; автор тарабынан биринчи жолу мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ишмердүүлүгүнө системалуу талдоо жүргүзүлгөн жана бул министрликтин ишмердүүлүгүндөгү иретсиздик жана ар тараптуулук (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция) республиканын маалыматтык саясаттынын натыйжалуулугуна, иштин жыйынтыгына терс таасирин тийгизгени көрсөтүлгөн; Улуттук телерадиокорпорациянын мисалында автор тарабынан биринчи жолу маалыматтык ресурстардын мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан жана ар кандай акторлордун ортосундагы саясий атаандаштыкка катышкан республикадагы массалык маалымат каражаттарынын ыраатсыз ишмердүүлүгү көрсөтүлө алган; биринчи жолу республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында процесстерди автор көрсөтүлө алган; биринчи жолу Кыргызстандын расмий, ички жана тышкы саясаты тууралуу калкты ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн жана

биримдигин сактоодо, кыргыз тилди жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүдө негизги актор катары мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик маалымат каражаттарынын жоопкерчилигин кароо сунушталууда; автор тарабынан биринчи жолу өлкөнүн реалдуулугун эске алуу менен маалыматтын, компьютердик технологиялардын, массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын көлөмүнүн өсүшү менен өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы саясий механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгын сунушталган.

**3. Диссертацияда камтылган жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын жарактуулугунун жана аныктыгынын даражасы.** Алынган жыйынтыктардын, жоболордун жана корутундулардын ишенимдүүлүгү анык. Автор теориялык материалды терең изилдегени, маселеге карата өзүнүн көз карашын жана тандалган теманын логикасын коргой алат.

Изилдөөнүн максаты эгемендүү Кыргызстандын, коомдун жана жеке жарандардын маалымат коопсуздугун камсыздоодо маалымат мейкиндигинде болгон коркунучтардан сактоо максатында мамлекеттик маалымат саясатын, маалымдоо каражаттарынын ролун иликтөө, келечектеги өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо ыкмаларын жана механизмдерин талдоо. Аталган маселелерди изилдөөнүн жыйынтыгына таянып, бул саясат таануу көз карашынан алганда толук аяктаган изилдөө деп айтууга болот. Диссертацияда колдонулган материалдын системалуу жана ырааттуу берилиши, иштин техникасынын жана ыкмаларынын багыты, анализдин жыйынтыгы боюнча тыянактардын тактыгы менен айырмаланат. Жалпысынан негизги максатка жана коюлган милдеттерге жетишүү даражасы жана автордун даярдыгынын деңгээли илимий изилдөө иштеринин принциптерине толугу менен шайкеш келет.

Ч.А. Джумалиеванын илимий иши изилденүүчү маселелер боюнча бир катар жаңы илимий натыйжаларга жана жоболорго ээ.

Иштин түзүмү коюлган максатка ылайык келип, 3 бөлүмдөн, 9 параграфтан андагы - 9 изилдөө милдетинен, 9 илимий жаңылык пунктунан жана коргоого сунушталган 9 жободон турат.

Диссертант тарабынан алынган илимий натыйжалар ишенимдүү, маалымат коопсуздугун камсыздоодо мамлекеттик саясаттын маселелерин кийинки изилдөө үчүн олуттуу теориялык жана методологиялык мааниге ээ.

Диссертацияда илимий философиялык ыкмалар колдонулган: талдоо, классификациялоо, жалпылоо, индукция, дедукция, логика, синтез, аргументация ж.б. Ошондой эле саясий илимине таандык төмөнкү ыкмалар

колдонулган: салыштыруу, байкоо, системалоо, институттук, саясий-укуктук, структуралык-функционалдык, экономикалык, жүрүм-турумдук, социологиялык, статистикалык, нарктык-нормативдик ж.б. Ар бир ыкманын анализдөө мүмкүнчүлүктөрү ар түрлүү жана объективтүү жыйынтыктарга келүү мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

Өз позициясын түзүүдө диссертациянын автору Медиа-К Интерньюс долбоорунун колдоосу менен 2023-жылдын ноябрында M-Vector компаниясы Кыргызстандын калк арасында “Кыргызстанда медиа колдонуу” боюнча социологиялык сурамжылоосун жана Эл аралык республикалык институттун (IRI) Кыргызстандагы Аналитикалык изилдөө борбору (CISR) кыргызстандыктардын арасында сурамжылоо жүргүзгөн улуттук репрезентативдик изилдөөлөрдүн маалыматтарын активдүү колдонгон. Ошондой эле, Кыргыз Республикасыны Улуттук статистикалык комитетинин 2022, 2023-жылдарга карата статистикалык маалыматтары берилген.

Илим изденүүчүнүн практикалык сунуштары кабыл алынган чечимдердин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик органдарга сунуштарды берүүгө багытталган.

**4. Диссертацияда камтылган изденүүчүнүн илимий жоболорунун жана практикалык сунуштарынын жаңылыгынын даражасы.** Ч.А. Джумалиева тарабынан коргоо үчүн сунушталган бардык жоболор жеке илимий жана квалификациялык изилдөөлөрдүн логикалык натыйжасы болуп саналат жана илимий жаңылыкка ээ.

- маалыматтык коом түшүнүгү постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары каралаары жана өндүрүштүн негизги товары маалымат жана билим эсептелери далилденген
- маалыматтык коопсуздук жана маалыматтык саясат түшүнүгүнө карата илимий эмгектерди жана концептуалдык көз караштарды анализдөөдө, маалыматтык коопсуздук бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, өлкө үчүн реалдуу жана мүмкүн болгон коркунучтарды жок кылуу шарттарын жана каражаттарын камтый тургандыгы аныкталган
- мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган
- жарандардын, коомдун жана мамлекеттин эгемендигин маалыматтык терс таасир берүүлөрдөн коргоонун негизи өлкөнүн укуктук-нормативдик актылары экендиги аныкталды
- мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ишмердүүлүгүнө системалуу талдоо жүргүзүлдү

- Улуттук телерадиоберүү корпорациянын мисалында автор тарабынан биринчи жолу маалыматтык ресурстардын мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан жана ар кандай акторлордун ортосундагы саясий атаандаштыкка катышкан республикадагы массалык маалымат каражаттарынын ыраатсыз ишмердүүлүгү көрсөтүлгөн

- республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында көрсөтүлгөн.

- өлкөнүн расмий, ички жана тышкы саясаты тууралуу калкты ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн жана биримдигин сактоодо, эне тилди жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүдө негизги актор катары мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик маалымат каражаттарынын жоопкерчилигин кароо сунушталды.

- өлкөнүн реалдуулугун эске алуу менен маалыматтын, компьютердик технологиялардын, массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын көлөмүнүн өсүшү менен өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы саясий механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгы белгиленди.

**Илим изденүүчү тарабынан алынган натыйжалардын илим жана практика үчүн мааниси.** Ч.А. Джумалиеванын диссертациялык ишин саясий илимди жана практиканы өнүктүрүү үчүн маанилүү болгон маселенин чечилишин камтыган илимий квалификациялык иш. Диссертациялык изилдөөнүн материалдары КР Өкмөтү, Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары, мамлекеттик телерадио каналдары (УТРК, ЭлТР ж.б.) стратегияларды, саясий чечимдерди, ченемдик-укуктук документтерди жазууда, контенттин түзүүдө колдонсо болот. Ошондой эле илимий изилдөө иштеринде жана «Мамлекеттик маалымат коопсуздук», «Маалымат саясат», «Мамлекеттик башкаруу», «Саясий технологиялар» боюнча лекциялык курстарды, окуу усулдарын даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде колдонууга болот.

5. **Изденүүчүнүн жеке салымы жана жетишкендиги:** Ч.А. Джумалиеванын диссертациялык иши учурда актуалдуу жана өзүнүн изилдөө методологиясы бар. Диссертациянын темасын кеңири изилденип, анын натыйжасында келип чыккан жыйынтыктары жана тыянактары менен негизделет. Изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан алынган натыйжалар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча Кыргызстандын саясат таануу илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошот.

**6. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, корутундуларынын жарыяланышынын толуктугун ырастоо:** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда 11 макала жарыяланган. Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад, презентация иретинде сунушталган.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши:** Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен туура келет, автордун бардык корутундуларын, коргоого сунушталган жоболорун камтуу менен бирдей мүнөзгө ээ.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана түзүлүшүндөгү кемчиликтери.** 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган Джумалиева Чолпон Асылбековнанын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы диссертациялык ишин карап чыгып баа берүүдө, бардык илимий иштер сыяктуу эле кемчиликтер байкалган жок эмес жана аны жоюу үчүн төмөнкүдөй сунуштар берилет:

1. Диссертациялык иште мамлекеттик органдардын пресс-кызматтарынын, маалымат саясат бөлүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу, жакшыртуу боюнча бир нече практикалык сунуштар берилген. Биздин сунушубуз аларды топтоштуруу менен конкреттүү мамлекеттик органдарга жөнөтүү зарыл.
2. 2-бөлүмдүн 2-параграфында УТРК мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүчү негизги телеканал экендиги аныкталып, улуттук каналдын милдети коомго идеологиялык багыт берүү, эл менен мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда байланышты чыңдоо, мамлекеттик иштерди чагылдыруу болуп саналаары белгиленген. Бирок коомчулукта УТРКга карай мамлекеттик бийликтеги адамдардын кызыкчылыгын көздөйт деген сын-пикирлер айтылып келет, бул багытта автордун илимий негизделген көз карашын, позициясын билдирүүсү маанилүү.
3. Биринчи бөлүмдө Кыргызстандын маалыматтык коомунун өнүгүшүнө, ошол эле учурда маалыматтык багыттан коркунучтардын жаралышына заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири жогору экендиги көрсөтүлгөн. Диссертациянын мазмунунда бул маселе изилденген, бирок автор аргументтерди келтирүү менен илимий ишти коргоодо өз позициясын кеңири айтышын сунуштайм.

Ошону менен бирге, жогоруда айтылган сын-пикирлер жана сунуштар кеңеш берүүчү, полемикалык мүнөзгө ээ жана кандидаттык диссертацияга жогорку баа берүүгө эч кандай таасир этпей турганын жана авторго көбүрөөк каалоо иретинде экендигин белгилеп, кийинки илимий изилдөөлөрдө ишке ашырууга зарыл экендигин белгилеп кетмекчимин.

**10. Диссертациянын «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын окумуштуулук даражаларын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына шайкештиги:**

Ч.А. Джумалиеванын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы кандидаттык диссертациясы учурдагы «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын окумуштуулук даражаларын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» бардык талаптарына жооп берет.

## Жыйынтык:

Джумалиева Чолпон Асылбековнанын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы кандидаттык диссертациясы автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде жаңы теориялык принциптер иштелип чыккан жеке илимий-квалификациялык эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, бул кандидаттык диссертация саясат таануу илиминин багытынан алганда, илимий жетишкендик катары квалификациялоого боло турган, толук жыйынтыкталган изилдөө деп айтууга болот.

Илим изденүүчү Джумалиева Чолпон Асылбековна 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу. Ч.А. Джумалиеванын диссертациялык иши «Кыргызстан эл аралык университети» Окуу-илимий өндүрүштүк комплексинин Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын жыйынында саясий илимдердин белгиленген адистик боюнча адистердин жана окумуштуу – саясат таануучулардын катышуусу менен талкууланды.

«Кыргызстан эл аралык университети»
Окуу-илимий өндүрүштүк комплексинин
«Социалдык иш жана социалдык-
гуманитардык илимдер»
кафедрасынын кеңейтилген
жыйынынын №10 - протоколу

**Жыйындын төрайымы: «Кыргызстан эл аралык университети» Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынан башчысы, с.и.к., доцент** **Жоомартова Э.Ж.**

**Жыйындын катчысы** **Жаналиева М.Р.**

Жоомартова Э.Ж. жана Жаналиева М.Р. кол тамгаларын тастыктайм
КББ ага инспектору Арыкбекова М.А.